Окумуштуулар кеңешинде
каралган
«05» 07 2017-ж.
№ 11 Протокол

«Бекитемин»
АЭУнун ректору,
________________
Санжарбек Эрдолатов
«__» ________ 2017-ж.

## Квалификацияны жогорулатуу жана инновация институту жөнүндө

### Жобо

Бул Жобо Ала-Тоо эл аралык университетинин Квалификацияны жогорулатуу жана инновация институтунун билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттарын жана тартибин жөнгө салат.

### Негизги жоболор

1. Квалификацияны жогорулатуу жана инновация институту "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларын, уставдын (жобонун), Кошумча кесиптик билим берүү программасын жүзөгө ашырган жогорку жана орто кесиптик билим берүү жайларынын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жобого ылайык, АЭУнун Уставынын жана ушул Жобонун негизинде ишке ашырат.
2. Адистердин квалификациясын жогорулатуу, алардын кесиптик билимдеринин деңгээлин жогорулатуу, алардын ишке жөндөм сапаттарын жакшыртуу жана кесиптик тапшырмаларды чечүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүү зарылдыгына жана адистердин квалификациясына коюлуучу талаптарды жогорулатууга байланыштуу теориялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү жаңылатуу максатында ишке ашат.
3. Квалификацияны жогорулатуу кызматкердин бардык эмгек ишмердүүлүгүндө зарылдыгына жараша 5 жылдын ичинде 1 жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Адистердин квалификациясын жогорулатуунун мезгили кызмат берүүчү тарабынан аныкталат.
4. Стажировка теориялык жактан даярдоонун жыйынтыгында алынган, практика жүзүндөгү кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү өркүндөтүү жана бекемдөө, ошону менен бирге алдыдагы тажрыйбаны окуп үйрөнүү, ээлеп турган же жогорку кызмат ордунун милдеттерин аткаруу үчүн кесиптик жана уюштуруучулук жөндөмдөрүнө ээ болуу максатында иш жүзүнө ашырылат.
5. Квалификацияны жогорулатуу жана инновация институтуна төмөнкүлөр кирет:

- АЭУнун окутуучу-профессордук курамынын, персоналдардын, кызматкерлердин, зарыл болгон учурларды бүтүрүүчү студенттердин, магистрлердин, аспиранттардын квалификациясын жогорулатуу;
- жогорку окуу жайларындагы квалификациясын жогорулатуу
- Квалификациясын жогорулатуу курстары, семинарлар, тегерек столдор, тренингдер

6. Квалификацияны жогорулатуу кызматкердин бардык эмгек ишмердүүлүгүндө зарылдыгына жараша 5 жылдын ичинде 1 жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Адистердин квалификациясын жогорулатуунун мезгили кызмат берүүчү тарабынан аныкталат.
7. Квалификацияны жогорулатуу жана инновация институтунун жалпы милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет:
   - илим, техника жана маданият тармактарындагы жетишкендиктер, ата мекендик жана чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалар жөнүндө жаңы билимдерди алуудагы адистердин муктаждыктарын канааттандыруу;
   - адистердин, бошотулган кызматкерлердин, бош болгон калктын квалификациясын жогорулатуу жана жана аларды жаңы эмгек функциясын аткарууга даярдоо;
   - кеңеш берүү иши.

8. Адистер тарабынан кошумча квалификация алуу үчүн кайрадан даярдоо программасынын мазмунундагы минимумдарга коюлуучу мамлекеттик талаптарга жана Мамлекеттик билим берүү стандарттарында аныкталган адистерге коюлуучу талаптардын деңгээлине ылайык жүргүзүлөт.

**9.** АЭУнун Квалификацияны жогорулатуу жана инновация институтунун тийиштүү материалдык-техникалык база менен, заманбап жабдуулар жана жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлар менен камсыз кылат, штаттарын, аудиториялык жана лабораториялык фонддорун бекитет.

10. Институттун ишмердүүлүгүн жалпы башкарууну Институттун директору жүргүзөт, жана ал:

- аудиториялык фондусун, окуу кабинеттерин жана лабораторияларды бекилишин, окуу, илимий жана окуу-методикалык адабияттардын чыгышына жана аларды көбөйтүүгө финансылык каражаттардын бекитилишин камсыз кылат;
- угуучуларга китепкана, окуу залы, компьютердик класстар, спорттук-ден соолук чыңдоо базаларынан жана медициналык мекемелерден колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет.

11. Институтту АЭУнун ректорунун буйругу менен дайындалган жетекчи башкарат.

12. Заказ берүүчү менен болгон өз ара мамиле адистердин квалификациясын жогорулатуу же билим берүү уюмдары менен түзүлгөн келишимде аныкталат.

**Квалификацияны жогорулатуу жана**
**инновация институтунун директору,**
**фил.и.к., доцент** **Кундуз Жузупекова**